2-тиркеме

БЕКИТИЛДИ
Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттиктин 2026-жылдын 7-апрелиндеги № 01-25/99 буйругу менен

# Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматынын жана муниципалдык кызматынын кадрлар резервине кирүү үчүн ачык конкурстук тандоодон өтүүдө Кыргыз Республикасынын жарандары тарабынан “e-Kyzmat” мамлекеттик порталында электрондук форматтагы арызга тиркелүүчү документтердин сканерленген көчүрмөлөрүнө карата ТАЛАПТАР

Бул Талаптар Кыргыз Республикасынын жарандары тарабынан мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын кадрлар резервине кирүү үчүн ачык конкурстук тандоодон өтүүдө “e-Kyzmat” мамлекеттик порталында электрондук форматта арыз берүүдө документтердин сканерленген көчүрмөлөрүн даярдоонун жана берүүнүн бирдиктүү эрежелерин аныктайт.

Талаптар берилген документтердин толуктугун, окумдуулугун жана салыштырмалуулугун камсыздоого багытталган.

## 1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматынын кадрлар резервине кирүү үчүн ачык конкурска катышууну каалаган Кыргыз Республикасынын жараны (мындан ары - талапкер) документтердин сканерден өткөрүлгөн көчүрмөлөрүн “e-Kyzmat” мамлекеттик порталындагы жеке кабинети аркылуу берет.

2. Талапкер тарабынан “e-Kyzmat” мамлекеттик порталында электрондук форматта арызга тиркелүүчү документтер каралып жаткан кызмат орундарынын тобуна квалификациялык талаптарга шайкеш келүү үчүн документтердин түп нускасынан сканерден өткөрүлүшү керек.

Сканерлөөдө негизги документ да, ага кошумча барактар жана тиркемелер да (анын ичинде дипломдорго тиркемелер, жазууларды, белгилерди, мөөрлөрдү, кол тамгаларды жана башка реквизиттерди камтыган кошумча барактар) камтылууга тийиш.

3. Документтердин сканерден өткөрүлгөн көчүрмөлөрү толук, кесилген бөлүктөрү жок болууга жана кол тамгаларды, мөөрлөрдү жана

башка реквизиттерди кошо алганда, бүткүл документти чагылдырууга тийиш.

4. Документтердин сканерленген көчүрмөлөрү “e-Kyzmat” мамлекеттик порталындагы жеке кабинет аркылуу электрондук түрдө жүктөлөт.

## 2. Файлдар үчүн техникалык талаптар

5. Файлдардын жол берилген форматтары: PDF.

6. Эгерде бир нече барак болсо (мисалы, диплом тиркемелери менен, эмгек китепчеси ага кошумча барактары менен), сканерден өткөрүлгөн документ бир PDF файлында берилиши керек.

7. Сүрөт так, оңой окулуучу жана түстүү болушу керек (зарыл болгон учурда, эгерде ал түп нускага дал келсе, боз түстө).

8. Бир файлдын максималдуу көлөмү 10 МБ болушу керек.

Көлөм ашып болгон учурда, окуу мүмкүнчүлүгүн жоготпостон сканерленген сүрөттүн чечилишин (dpi) алгылыктуу деңгээлге чейин азайтуу же документти бөлүктөргө бөлүү сунушталат (мисалы, “Эмгек_китепчеси_1–10.pdf”, “Эмгек_китепчеси_11–20.pdf” ж.б.).

## 3. Сканерленген документтердин мазмунуна коюлуучу талаптар

9. Файлдар документтин түрүн көрсөтүү менен аталышы керек. Мисалдар:

- Diplom.pdf
- Emgek_kitepchesi.pdf
- Emgek_kitepchesi_1-10.pdf
- Tuulgan_tuuraluu_kuboluk.pdf
- Til_sertifikaty_B1.pdf

10. Документтер тексттин бөлүктөрүн жашырбастан же караңгылатпастан толук көлөмдө берилиши керек.

11. Сканерленген документти оңдоого же бурмалоого жол берилбейт, талаачаларды бир аз кесүүгө жол берилет (эгерде бул маалыматтын окулушуна жана бүтүндүгүнө таасир этпесе).

## 4. Маалыматтарды сактоо жана коргоо

12. Бардык берилген сканерленген документтердин көчүрмөлөрү Кыргыз Республикасынын жеке маалыматтардын коргоо жөнүндө мыйзамдарына ылайык иштетилет.

13. Талапкер “e-Kyzmat” мамлекеттик порталындагы жеке кабинети аркылуу электрондук форматта арыз бергенде жеке маалыматтарды чогултууга жана иштетүүгө макулдугун ырастайт.